**ТАЖИБАЕВА У. К.**
*Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы*

**УДК.408.3**

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРӨЛҮ

Мамлекеттик тил – ал мамлекеттин көз карандысыздыгын билдирген башкы белгиси. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан кабыл алынган Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамда : «Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын Мамлекет тили» -деп ачык-айкын жазылган. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасында окуган жана жашаган ар бир инсан кыргыз тилинде туура сүйлөөнү, окууну жана катасыз жазууну үйрөнүүгө милдеттүү. Ошондуктан Кыргыз Республикасы өз алдынчалыкка, эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин окутуу орус, өзбек, тажик жана башка тилдерде жүргүзүлгөн мектепке чейинки мекемелерде, мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларда кыргыз тили мамлекеттик тил катары окутула баштады. Алар кыргыз тилинин грамматикасын гана үйрөнүшпөстөн, бул сабакта кыргыз элинин кыскача тарыхын, маданиятын, адабиятын, искусствосун, санжырасын, тутунган динин, улуттук кийимин, кол өнөрчүлүгүн, жетишкен бардык ийгиликтерин, каада-салтын жана үрп-адатын да үйрөнүүлөрү зарыл.

1989-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин 10-сессиясында, Кыргыз Республикасынын Малекеттик тили жөнүндөгү мыйзам кабыл алынганы баарыбызга маалым болгону менен, 2005-жылдын 24-мартынан кийин мамлекеттик тилге болгон мамиле бир топ жакшы жагына өзгөрдү жана жанданды. Бирок, Мамлекеттик тил дагы деле өзүнүн мамлекеттик кызматын толук аткара албай келет.[1.3]

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 22-апрелиндеги № 370-V "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ченемдерин ишке ашыруу боюнча комплекстүү чаралар тууралуу" токтомунун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 5-мартындагы № 114 "Мамлекеттик жана муниципиалдык кызматчыларды мамлекеттик тилге окутуу жана иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун тапшырмаларына ылайык, бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында тилге болгон мамиле жакшы натыйжаларды берүүдө.[2.2] Атап айтсак, академиянын орус тилдүү окутуучуларга жана кызматкерлерге кыргыз тилин окутуу курсу окутулуп жатат, кыргызча-орусча спорттук терминологиялык сөздүк даяр болууда. 2013-2014-окуу жылында кыргыз группалары ачылып жатат. Жылына Мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чаралар жогорку деңгээлде уюштурулуп келет. Булардын баары Маммлекеттик тилди өнүктүрүүгө болгон камкордук.

Атактуу кытай элинин философу Конфуцийден: «Эгер сизди падыша кылып дайындаса, алгачкы ишиъизди эмнеден баштаар элеңиз?» - деп сурашканда, ал: «Эч ойлонбой туруп, алгачкы ишимди тилди тазалоодон баштар элем», - деп жооп бериптир. Мындай жоопко таң калган элге «Эгер бир тилде ырааттуулук болбой, баш аламандык өкүм сүрсө, анда адам өз оюн толук, туура түшүндүрө албайт.Эгер ал өз оюн толук жана туура түшүндүрүүгө дарамети жетпесе, анда анын кылган иши аксайт. Ал эми иш аксаган жерде тартип бузулуп, маданият жоголот. Эгер маданияттуулук болбосо, анда адилетүүлүк да болбойт. Ал эми адилетүүлүк болбогон жерде эл карайлап, эмне кыларын билбей калат. Ошондуктан, тилден маанилүү эч нерсе жок», - деген экен.

Мамлекеттик тил мамлекет ичиндеги эл аралык катнаштын кызматын аткара албаса, анда ал мамлекеттик тил эмес.

«Чындыгында, кыргыз – англис жолугушууларында суйлөшүү орус-англис тилдеринде жүргүзүлсө, анда Кыргыз мамлекети эркин эмес. Эгер кыргыз-немис

жолугушууларында сүйлөшүүлөр орус-немис  тилдеринде жүрсө, анда кантип биз көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин атынан жүргүздүк деп айтабыз? Эгер турктөр менен болгон жолугушууларда алар түркчө, биз орусча сүйлөп турсак, алар бизди кантип тектеш кыргыз элинин өкүлдөрү катары кабыл алат?. Анда бизди «эркин эл» деп ким айтат? «Кыргыз тили – мамлекеттик тил» -деп, баш Мыйзамда миң жолу жазган менен эмне пайда?...[3.4].

Тилге маани бербеген адам, сөзгө да маани бербейт. Чындыгында, сөзгө маани берүү - ал чоң маданият. Карл Маркс «Тил иш жүзүндөгү -аң сезим» - деп жөн жай айтпагандыр. Даанышманыбыз  Жусуп Баласагын инсандагы асыл касиетти чырайына чыгарып, анын ой-сезимин ойготуп, жан дүйнөсүн байыткан эң күчтүү курал катары эне тилин эсептеген. Камбараалы Бобуловдун «Тил деген мен үчүн жөн гана тил эмес, улуттук ар намыс»-деген.

Залкар жазуучубуз Ч.Айтматовдун бул сөзүн дайым эпиграф кылып алып жүрөбүз го «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили жашай берет». Абдан туура жана таамай айтылган сөз. Шайлообек  акын аткандай, «Кыргызым» жулунганы менен, бир ооз кыргызча билбегендер руху, духу таза кыргыз жашап турса гана кыргыз тили жашап турмагын эстейли.[4.5.]

Дарыянын башаты булак болгондой, улуттук өнүгүүнүн башаты – тил. Улуттук тилин өстүргөн мамлекет улуттук аң-сезимин өстүрөт, улуттук ан-сезимин өстүргөн мамлекет улуттук куч-кубатын өстүрөт. Ал эми улуттук куч-кубатын өстүргөн мамлекет «улуу өлкө» курат. «Улуу  өлкө» курган улут узак жашайт, өзүн «түбөлүк элге» айлантат!»

Биз билебиз улутту үч нерсе сактайт. Алар: улуттук тил, улуттук тарых, улуттук дүйнө тааным. Ушул үч касиет жок болсо, анда улут жок болот.

Өз дуйнө таанымын жоготкон улуттун түпкү ишеними, ой жүгүртүү өзгөчөлүгү өзгөрөт.

Өз тарыхын билбеген улут өзүнүн ким болгонун билбейт, азыр ким экенин түшүнбөйт, эртең ким болорун ойлонбойт.

Улуттун эң башкы улуу касиети бул тил . Ошондуктан улутун сактайм деген ар бир эл тилди сактайт, коргойт, камкордукка алат жана өнүктүрөт. Ансыз эч качан улут өз жолун таба албайт.

Мына ушул көз караштан алганда, өз эне тилин унутуп, орус тилинде сүйлөп калган киргиздер элибиздин мыктылары эмес, алар «СССР» деп аталган орус империясынын тушунда манкуртташтыруу  оорусуна чалдыгып, ушул убакка чейин андан айыга албай келаткандар. Өз элинде, өз жеринде кыргыз тилинде эркин сүйлөй албаса, андан өткөн кордук жок болуш керек. Улут катары кыргыз өзү силкинип тирилбесе, намыстанбаса, сырттан келип эч ким тилиңерди эстегиле дебейт.

Кыргыз тилинин тазалыгы үчүн жалпы элибиздин сөз байлыгын кеңейтүү, сүйлөө маданиятын өстүрүү максатында жогорку окуу жайларда сааттардын көбөйүшү талапка ылайык деп ойлойбуз.

Биз үчүн кыргыз тили сыймык, тилди түбөлүккө сактоо, аздектөө - баарыбыздын милдетибиз. Демек, тил элдин рухий байлыгы, кут белгиси, сыймыгы, кечээги тарыхы, элдин дили, бүгүнкү жашоосу, эртеңки келечеги. Ошондуктан сиздерди тилибиздин келечеги үчүн, түбөлүктүүлүгү  үчүн   күрөшүүгө чакырабыз.

**Адабияттар:**


1. Акматов Т. Азыркы кыргыз тили. –Ф., 1986.
2. Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин буйругу.2013-ж.10.06.№02-7/2644.
3. Мадумаров М. Мамлекеттик тил. -Ош., 2000.
4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин мындан ары өнүктүрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин указы. 1998-жылдын 20-январы.
5. Муратов А. Чынгыз Айтматов-жазуучу этнопедагог.-Б.: 2006.-204 б.